6) маалыматтарды жана түшүндүрмөлөрдү алуу үчүн кайрылууга мүмкүн болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын жооптуу адамынын байланыш маалыматтары (фамилиясы, аты, атасынын аты, телефон номери жана элетрондук почтасынын дареги);

7) суроо-талаптарды жөнөтүү жана конкурстун шарттары жаатында түшүндүрүүлөрдү алуу үчүн мөөнөт;

8) конкурска катышуу үчүн документтерди жөнөтүү керек болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын почта дареги, электродук почтасы жана\же расмий сайтынын дареги;

9) конкурска катышуу үчүн документтерди кабыл алуу мөөнөтү.

16. Конкурсту өткөрүү жөнүндө кулактандыруунун болжолдуу формасы ушул Типтүү жобого карата *1-тиркемеде* келтирилген.

### 3. Комиссияны түзүүнүн тартиби жана иши

17. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктоо үчүн жергиликтүү демилгени тандоо боюнча комиссия түзөт (мындан ары – комиссия)

Комиссия 5тен кем эмес кишиден турат:

- вице-мэр (айыл өкмөт башчысынын орун басары), көрсөтөлгөн кызмат орундары жок болгон учурда – аппарат жетекчиси, жооптуу катчы – комиссиянын төрагасы;
- жергиликтүү кеңештин депутаттары (макулдашуу боюнча);
- мэриянын (айыл өкмөтүнүн) муниципалдык кызматчысы – комиссиянын катчысы;
- жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү (макулдашуу боюнча).

Комиссиянын өздүк курамы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын жетекчисинин чечими менен бекитилет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын расмий сайтына, ал эми ал жок босо – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын маалымат текчесине (тактасына) жайгаштырылат.

18. Комиссиянын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү анын курамы бекитилген күндөн тартып 2 жылды түзөт.

19. Комиссиянын отуруму комиссиянын төрагасы тарабынан өзүнүн демилгеси боюнча же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын жетекчисинин демилгеси боюнча чакырылат. Отурумду комиссиянын төрагасы, ал эми ал жок болгондо – отурумда катышып олтурган комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен төрагалык кылуучулукка шайланган комиссия мүчөсү алып барат.

Комиссиянын катчысы комиссиянын ишин уюштурат, комиссия мүчөлөрүн пландалган отурумдар жөнүндө кабарландырат, комиссиянын отурумдарынын протоколдорун жүргүзүлүшү жана сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат жана комиссия мүчөлөрүнүн комиссиянын ишине катышууларына көмөктөшөт.

20. Комиссиянын отуруму, эгерде ага комиссия мүчөлөрүнүн 3\2 катышып олтурса, укук ченемдүү болуп эсептелет. Комиссиянын жок мүчөлөрүнүн башка адамдар менен алмаштырылышына жол берилбейт.

21. Комиссиянын кароосуна конкурстун катышуучуларын каттоого алуу журналында катталган баардык конкурстук билдирмелер киргизилет.

Комиссиянын чечимдери добуш берүү жолу менен кабыл алынат. Комиссиянын ар бир мүчөсү бирден добушка ээ болот. Комиссиянын чечими, эгерде ал үчүн отурумда катышып олтурган комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүгү добуш беришсе, кабыл алынган болуп эсептелет. «Макул» жана «каршы» добуштар тең болуп калганда, комиссиянын отурумунда төрагалык кылуучунун дошубу чечүүчү болуп эсептелет.

22. Комиссиянын чечими протокол менен жол-жоболонот. Комиссиянын отурумунун протоколунда күн тартибинин маселелери, добуш берүүнүн жыйынтыктары